ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК:94(575.2) DOI:10.35803/1694-5298.2021.4.634-642

**ЧОДОЛДОЕВА Г. Ж., АСИПБАЕВА М.Б.**
[1]Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]Кыргызский национальный университет им.Ж.Баласагына, Бишкек, Кыргызская Республика

**CHODOLDOEVA G.J., ASIPBAEVA M.B.**
[1]KNU named after Zh. Balasagyn, Bishkek, Kyrgyz Republic
jusupovna7878@mail.ru asipbaeba72@mail.ru

# ОРУСИЯНЫН ТЕҢИР-ТООНУ КАРАТЫП АЛЫШЫ ЖАНА КОЛОНИЯЛЫК САЯСАТТЫН АЛГАЧКЫ КАДАМДАРЫ

# ПРИСОЕДИНЕНИЕ ТЕНИР-ТОО РОССИЕЙ И ПЕРВЫЕ ШАГИ КОЛОНИАЛЬНОЙ ПОЛИТИКИ

# THE CONQUEST OF THE TENIR TOO BY RUSSIA AND THE FIRST STEPS OF COLONIAL POLICY

*Бул макалада Теңир-Тоонун Орусия тарабынан каратылышы жана колониялык саясаттын алгачкы кадамдары каралды. Түндүк кыргыз урууларынын Орусиянын курамына кирүү процесси жалаң эле тынчтык жолу менен жүргөн эмес. Орус бийликтери аларга баш ийбеген Үмөтаалы, Төрөгелди баатыр, Осмон даткалардын каршылыктарына дуушар болушкан.*

***Өзөк сөздөр:*** *Теңир-Тоо, саясий абал, кыргыз-орус мамилелери, Орусия, Осмон датка.*

*В статье рассматривается присоединение кыргызов Теңир Тоо в состав Российской империи и начало колониальной политики. Процесс присоединения северных кыргызских племен в состав России произошло не только мирным путем. Русские власти подверглись к противоречию Үметалы, Төрөгелди батыр и Осмон датки.*

***Ключевые слова:*** *Тенир-Тоо, политическое положение, кыргызско-русские отношения, Россия, Осмон датка.*

*This article discusses the accession of the Kyrgyz Tekir Too to the Russian Empire and the beginning of colonial policy. The process of joining the northern Kyrgyz tribes to Russia did not happen only peacefully. The Russian authorities were opposed to алыmetals, Turgeldi batyr and Osmon Datki.*

***Key words:*** *Tenir-Too, political situation, Kyrgyz-Russian relations, Russia, Osmon Datka*

Тарыхый маалыматтарга таянсак, кыргыз-орус мамилелери XVIII кылымдан башталат. Аталган кылымдын биринчи чейрегинде Кыргызстандын аймагында, анын ичинде Теңир-Тоонун уландысы болгон Ысык-Көлдүн түндүк-чыгышында Түп, Жыргалаң, Каркыра тараптарга Петр I нин Жунгар ханына жиберген элчиси Иван Унковский келип кеткен. Анын дипломатиялык миссиясына кошулган Г.Путилов түзгөн картада кыргыздардын көчүп-конгон жерлери “Тузкөл” деп аталган көлдүн жанында жана ага куйган Түп, Жыргалаң суулары жөнүндө маалыматты келтирген [9]. И.Унковский жеке өзү кыргыздар менен жолукканбы, аны айтуу кыйын. Ал ойроттордун башчысынын кабыл алуусунда болгон, ал эми көчмөн кыргыздар ага жакын жологондон абайлашып, сактанышкан. Кыязы, И.Унковский кыргыздар тууралуу маалыматты сурамжылоо жолу

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

менен чогулткан болуу керек. Анын жазганы боюнча кыргыздардын боз үйлөрүнүн саны 5000ге чамалап, ал эми аскер чогултса 3000ге чейин жетиши мүмкүн деп эскерген [9.193-194-бб].

Кыргызстандын аймагы так, даана берилген географиялык сүрөттөмөлөрү XVIII кылымдын экинчи жарымында орус карталарында түшүрүлгөн. 1771-жылдагы картада Ысык-Көл түшүрүлгөн. Иван Исленьев 1777-жылы картага Ысык-Көлдөн башка дагы Чу, Түп, Нарын, Тамга, Кашгарды түшүрүп, “буруттардын”- кыргыздардын көчүп-конуп жүргөн жерлерин, жайлоолорун көрсөткөн [14.90-91-б].

Улантып айтсак, 1828-жылы 12-январда Егорь Тимковский Омскидеги областтык начальникке кат жазып, анда Кокондуктар Сыр-Дарыя тарапка чеп-коргондорду кургандыгынын чын-төгүнүн билгиси келип, жана кокон чептерине жакын көчүп-конуп жашаган кыргыздардын алар менен болгон мамилесин, кыргыз бийлеринин ысымдарын билүүгө кызыккан [4.1-1об].

Мына ушундай жолдор менен Орусияга алгачкы жолу кыргыз элинин ички жана тышкы саясий абалы, кылган иштери тууралуу маалыматтар келип жеткен.

XVIII кылымдын аягы - XIX кылымдын башындагы Орусиянын Орто Азияга болгон саясатынын маңызы соодaны кеңейтүү, Кытай менен Индияга жаңы соода жолдорун издөө болуп саналган [8.24-б]. Бул саясат XIX к. башынан тартып орустардын Чыгыш Түркстан жана Борбордук Азия жерлери аркылуу аздыр-көптүр регулярдуу соода жүргүзүүсүнө алып келген.

Биз изилдөөдө колдонгон жазма булактардын эң маанилүүсү жарык көргөн архивдик документтер болуп эсептелет. Ошондуктан илимий макалада биз атаган жыйнактагы кыргыз манаптарынын Орус төбөлдөрүнө же Омскиге, Батыш-Сибирь генерал-губернаторлоруна жазган каттары, кайрылуулары, алардын жооптору өтө маанилүү. Алардын ичинен бугу уруусунун өкүлдөрүн 1814, 1821, 1824, 1844, 1848-жылдары жиберилген элчиликтери жана каттары, ошол эле учурда сарыбагыштардын өкүлдөрү болгон Ормондун, Жантайдын 1847, 1852-жж. жазган каттары, түндүк кыргыз урууларынын орус букаралыгын таануусу бир кылка жүрбөгөндүгүнүн анык далили боло алат. Мисалы, XVIII кылымдын башында орус-кыргыз мамилелеринин башталышындагы, 1811-жылдан 1827-жылга чейинки кыргыз урууларынын Орусия империясы менен болгон соода-экономикалык жана дипломатиялык байланыштарынын мазмуну боюнча “Кыргызстан-Россия. История взаимоотношений (XVIII-XIX вв.)” аттуу, Бишкекте 1998-жылы жарыяланган документтердин жана материалдардын жыйнагында 22 ар түрлүү мүнөздөгү документтердин тексттери берилген. Алардын ичинен, Кыргызстан аркылуу Кашкар жана Индияга соода жолдорун ачуу жөнүндөгү №25., бугу уруусундагы кыргыз депутаттарынын Омск чебине келгендиги жөнүндөгү Омск областынын начальнигин № 28 ж.б. документтер өзгөчө кызыгууну туудурат. Тактап айтсак, 1825-жылы бугу урууларын Орусия империясынын курамына букара катары кабыл алуусун өтүнүшкөн жети уруу башчыларынын жана старшиналарынын тизмелери жазылган № 38 документте төмөнкү маалыматты кезиктиребиз: “1825-жылдын май айында Омскиге келишкен кыргыздын бугу урууларынын өкүлдөрүнүн тизмеси: 1. Акимбек Ульжебаев, 2. Алгаза (Кайчибеков) Ширайлин, 3. Лимбек Япалаков. Өкүлдөр менен чогу келгендер: 4.старшина Намбет Умбетов, жолдош Ульжебаев, 5. Старшина Шербек Исянов, 6. Старшина Токтогул Асанбаев, 7. Старшина Бикбау Айтназаров, жолдош Алимбек” [6.109-б ].

Кыргыздардын ички жана тышкы саясий турмушунда алардын Орусия менен болгон жакындашуусунун бирден-бир себеби, XVIII кылымдын экинчи жарымында кыргыздар менен казактардын, анын ичинде казактардын Улуу жүзү менен болгон кагылышуулар, кыргыздардын уруу аралык согуштары болгон. 1778-1781-жж. Абылай хан Орто Жүздөгү өз бийлигин бекемдеп, кыргыздарга жана казактардын Улуу Жүзүнө жүрүштөргө чыгып жана кыргыздардан чечкиндүү каршылыктарга дуушар болгон.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, XVIII кылымдын акырында - XIX кылымдын башында кыргыз уруу башчыларынын Орусия менен жакындашууга шарт түзгөн ыңгайлуу өбөлгөлөрүнүн бири, аталган мезгилдеги Теңир-Тоо чөлкөмүнүн маанилүү соода жолдорунун түйүнү катары Орусиянын экономикалык-саясий кызыкчылыктарына шайкеш келгендигинде турат.

Ошону менен бирге биринчи элчилик Орусиянын Кыргызстанды каратышынын ишке ашуусуна жана ошол эле учурда ички жана тышкы ыңгайсыз саясий кырдаалдан жапа чеккен кээ бир кыргыз бийлеринин орус мамлекетине багыт алуусуна өбөлгө түзгөн. Ушул окуянын натыйжасында XVIII кылымдын аягы-XIX кылымдын баш чендеринде Теңир –Тоо чөлкөмү маанилүү соода жолдорунун түйүнү катары Орусиянын кызыкчылыгын арттырып, кыргыздарды үгүттөө жолу менен Орусиянын букаралыгына киргизүү максаты коюла баштагандыгын акыркы изилдөөлөр тастыктады [10.127-128; 143-144].

Архивдик маалыматтарга таянсак Батыш Сибирдеги орус өкмөтү менен кыргыздын бийлеринин ортосунда XIX кылымдын 20-жылдарында үзгүлтүксүз кат жазышуу башталат. Омбу областтык начальниги С.Б.Броневскийдин кыргыздын жерин аралап Чыгыш Түркстанга (Кашкарга) жана андан ары Кашмир менен Индияга өтүүчү жаңы соода жолун бойлоп көчүп жүрүшчү кыргыздын урууларына достук ынтымакташтыкты сунуш кылып жана алардын жери аркылуу өтүүчү кербендерди узатып коюуну өтүнүп бир нече кат жиберет [6. 97-98;105;108;109;111;120].

Нарын-Тогуз-Торо-Теңир-Тоо аймагынын социалдык-экономикалык жана саясий тарыхындагы олуттуу учур XIX кылымдын башталышына туура келген. Орусиянын эң алыскы чек арасындагы коңшулаш чыгыш элдери менен, анын ичинде, кыргыздар менен соода-сатык дипломатиялык байланыштарды түзүү биз карап жаткан мезгилдеги кырдаалдын өзгөрүшү менен байланыштуу болгон. Атап айтсак, 1826-жылы Чыгыш Түркстанда Цинь династиясына каршы Жангир кожонун көтөрүлүшү чыккан. Ага Борбордук Теңир-Тоонун кыргыздары активдүү жардам көрсөтүшкөн. Бир сөз менен айтканда, мейли Орусияда болсун, мейли кыргыз жергесинде болсун, ошол учурда түзүлгөн саясий кырдаалдар Кыргызстанга Орусиянын курамына кирүүгө мүмкүндүк бербеди. Андан ары, кыргыз-орус элчилик байланыштары, кыргыз жергесинин акырындап Кокон хандыгынын бийлигине кире баштагандыгына байланыштуу дагы жыйырма чакты жылга үзүлүп калган.

XIX кылымдын 40-жылдарында түндүк кыргыздардын белгилүү манаптары Ормон, Жантай жана Жангарачтар кыргыздарды өзүнчө бир мамлекетке бириктирүүгө аракет жасашкан [13.27-б]. Бирок Кытай, Орусия, Кокон сыяктуу күчтүү мамлекеттердин ортосунда Ормон хандын өз алдынча көз каранды эмес саясат жүргүзүүгө жасаган аракети каалагандай натыйжа берген эмес. Анын ишке ашышынын кыйындыгы феодалдык ак сөөктөрдөн кыргыз коомун өз ичинен уруу-урууга бөлүүгө жасаган аракеттеринен гана эмес, ошондой эле кыргыз урууларын өздөрүнүн сөзсүз салык берип туруучулары катары санаган жана Кыргызстандагы артыкчылыктарынан ажырагысы келбеген Кокон хандыгынын активдүү каршылыгынан да болгон. Буга кошумча Цин кытайы жана айрым казактын султандары тараптан да коркунучтар жаралып турду. Батыш-Сибирь генерал-губернаторунун Кытай менен Кашкардын ортосундагы согуштук аракеттери тууралуу, жана аларга кыргыздардын да катыштыгы бар экендигин тастыктаган каттар дагы буга далил боло алат. Жазылган каттарда Аксуу жана Хотан шаарларына Кокон аскерлеринин келгендиги жана көптөгөн кытайлардын туткундалгандыгы тууралуу маалымдалган [5.10-11-бб]. Анын үстүнө, Россиянын падышасына арамдык кылбоого кат жүзүндө эч кандай убада бербей туруп эле, өзүн Россиянын амириндемин деп эсептеп алган Ормондун активдүү аракеттерине Россиянын өкмөтү ишенбегендик менен караган. Ормондун 1852-жылы 23-мартта Николай I нин наамындагы катынын мазмунунан, Орусиядан Кытайга жана башка өлкөлөргө кербен жолдор өтүүчү мыкты жерлерди ээлөөгө умтулгандыгы көрүнүп турат [7.59-60-бб].

Ошентип, борбордун Ормонго берген жообу 1852-жылдын жай айында гана берилген жана Чоң ордонун приставы Перемышльскийге 1853-жайында гана төмөндөгүдөй көрсөтмө келип түшкөн: "Сарыбагыш уруусунун манабы Ормонду эгер ал Или өрөөнүнөн тоо этектеп көчүп кете элек болсо Орусиянын амирине киргизгиле, ал эми Орусиянын карамагына кирүүгө мурда эле каалоосун билгизген бугулардын башчысы Боронбай манаптын бизге берилгендиги маанилүүрөөк болгондуктан аны менен мамилеге киргиле, анткени Боронбай манап кара кыргыздардын манаптарынын ичинен эң күчтүүсү – 15 миң түтүнгө ээ, ал эми сарыбагыштар болсо 6 миңден ашпайт, Ормондун өзүнүкү болсо 2 миңге гана чейин, анын үстүнө бугулардын жери аркылуу Кашкарга кеткен кан жол өтөт" [3.68-б; 2.95-98-бб]. Бул документтин мазмунуна караганда, Орусия тарап кыргыз манаптары менен түздөн-түз мамиле жүргүзгөнүнүн алгачкы стадиясында кыргыз коомчулугунун ички шарттарына туура багыт ала алган эмес. Кыргызстандагы Боронбайдын ролу менен маанисин ашыра баалоо менен Ормон хан экөөнүн бийлик талашуусунда эрксизден Боронбай тарапты, же кур дегенде анын өз алдынчалыгын коргогондой болуп калган. Бугунун манабы Боронбай орус өкмөтүнүн карамагына киргендиги жөнүндө салтанаттуу убада берүү жөнүндөгү чакырыгына жан-дили менен макул болсо, өзүнүн жасаган иштерине колдоо жана кубаттоо ала албаган Ормон хан салкыныраак жооп берген.

1855-жылы Верныйдын чеби чыңдалгандан кийин жана Орусиянын таасири Заилий аймагында бекиген соң бугулардын башчысы манап Боронбай кыргыздын башка уруу мыктыларына, айрыкча сарыбагыштарга кыр көрсөтүп, менменсине мамиле жасап калган. Ормон хан бугулардын тизгинин тарттырып, Ысык-Көл тараптагы өзүнүн бир кезектеги таасирин калыбына келтирмекчи болгон. Ормондун уулдары менен бугулардын ортосундагы кастык мамилелер туурасында орустардын бири-бирине жазган каттары далил боло алат [9.1-2 об]. Ал эми бугулар чоң ордонун приставы Г.Перемышльскийдин атына орус букаралыгына кирүү ниетин билдирген кат жаздырган [2. 3-6-бб] .

Жогоруда айтылгандай Ормон хандын, хандык бийлиги, жалпы эле ишмерлиги өтө татаал тарыхый шартка туура келген. Ал бытыранды кыргыз урууларын бириктирип мамлекет курууга бардык күчүн жумшап колунан келгенинин баарын иштеген. Ормон түндүк кыргыз урууларын ынтымакка чакырып, алардын башын кошуп, бир мамлекетке уюуштура алды. Өзү хандыкка көтөрүлдү, сырткы коркунуч күч алып, ички ынтымак начарлап турган учурда мунун мааниси өтө чоң болучу. Ормон он жылдан ашуун бийлик кылып, кыргыз мамлекетин түптөп бекемдөөгө аракет кылды. Ормонду түндүк кыргыздар хан деп таанышып, аны менен эсептеше башташты. Ормон хандын мамлекеттик ишмердигинин тарыхый мааниси мына ушунда болуп эсептелет.

Ормондун өлүмү менен өз алдынча кыргыз хандыгын түзүү идеясы биротоло токтогон. Натыйжада, Орусия империясынын Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыз урууларын баш ийдирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Теңир-Тоо аймагын каратып алууга Орусия империясы кызыккан, себеби Теңир-Тоо аркылуу Кашкарга түз жол ачылмак. Ошондуктан Орусия империясынын аскер күчтөрүнүн Орто Азия аймагында активдүү фазага өтүшү закон ченемдүү көрүнүш эле. Орус аскерлеринин бул жүрүштөрү алардын Орто Азия аймагына болгон колониалдык ырааттуу саясатынын натыйжасы болгон.

Дүйнөлүк ири держава болгон Орусия өзүнүн атаандашы Англиядан мурун Түркстан аймагын басып алуу планын мамлекеттик деңгээлде чечип койгон эле. Ал эми айрым кыргыз бийлеринин орус өкүлчүлүктөрүн жардамга чакырган каттары болсо, орус оторчуларынын басып алуу саясатынын натыйжасы болгон. Ошондуктан советтик кыргыз тарыхнаамасындагы XX кылымдын аягына чейинки мезгилдерде өкүм сүргөн " түндүк кыргыз уруулары Орусия империясынын курамына тынчтык жолу менен кирген" деген хрестоматиялык тезис азыркы учурда тарыхчы-изилдөөчүлөр тарабынан объективдүү сынга алынгандыгы да бекеринен эмес.

XIX кылымдын 60-жылдарында Орусия империясынын аскерлеринин астында жергиликтүү кыргыз урууларын Кокондун таасиринен бошотуп, Орусия империясынын

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

саясатына баш ийдирүү милдети турган. Бул саясатты ишке ашырууда Орусия империясынын Борбордук Тянь-Шанда (Теңир-Тоо аркылуу) Кытай жана Кашкар менен соода мамилелерин күчөтүүсү негизги маселелердин бири болгон. Ал эми Кытай, Кашкарга карата Түндүк Кыргызстан аркылуу соода жолдорун ачуу эң эле ыңгайлуу болгон. Себеби, Верный чебинен Кашкарга чейинки аралыкта түз сызык катары эсептесек, болгону 400 верстту түзгөн [3. 257-б]. Орусиянын жаңы оторчул аскер бийликтери эгемендик үчүн күрөшкөн чыгаан кыргыз бийлеринин артынан сая түшүү үчүн улам жаңы кошуунду аттандырып турган. Орус бийликтеринин Кашкарга жасаган жортуулунун учурунда, Борбордук Теңир-Тоодогу жашашкан көптөгөн кыргыз уруулары Орусия империясынын курамына тынчтык жолу менен кирүү тууралуу ойлорун билдиришкен. Аталган уруулардын ичинде черик уруулары дагы башкалардан кем калбаган малдуу жана оокаттарына тың жашашкан эл болушкан. Ошондуктан, ал уруулар жашаган аймак, Кокон хандыгы менен Цинь империясынын чек араларына аралаш жайгашкандыктан, Кытай бийликтери да, Кокондуктар да салык салышып, кош эзүүгө дуушар болушкан. Мындай абал, черик уруусун башкарган манап Турдумамбет Тойматовду 60-жылдарда эле орус бийликтерине 5000 түтүн чериктердин атынан аларды Орусия империясынын букаралыгына кирүү жөнүндөгү кат менен кайрылууга мажбур кылды [1. 261-262-бб]. Анын артынан черик уруусунун бийлери Батыш Сибирь генерал-губернатору Дюгемелдин атына, Ала-Тоо округунун начальниги аркылуу кайрылышты. Черик урууларынын бийлери (өкүлдөрү-Г.Ч.) Батыш Сибирдин генерал-губернаторуна Омскиге келишкен. Ошентип, 1863-жылы 13-октябрда чериктердин өкүлдөрү салтанаттуу түрдө Батыш Сибирь генерал-губернаторлугуна өз урууларынын ыктыярдуу түрдө Орусия империясына букара болуп киргендиги жөнүндөгү антты беришкен [3. 264-б]. Бул окуялар түндүк кыргыз урууларына Орусия империясынын таасиринин тереңдешине алып келген.

Жогорудагы фактылар түндүк кыргыз урууларынын Россия империясынын курамына кирүү процесси жалаң эле тынчтык жолу менен жүргөн эместигин жана карама-каршылыктуу мүнөздө болгондугун айгинелейт. Алсак, Кыргызстандагы сарыбагыш урууларынын бийи Үмөтаалы Ормон уулу жана кадимки Тайлак баатырдын уулу Осмон датка дагы Орусиянын курамына кирүүнү каалашкан эмес. Теңир-Тоо аймагын жайлаган сарыбагыш, чоро саяк, моңолдор, тынымсейит урууларынын бир катар өкүлдөрү (жалпысынан 8 миң түтүндөй) Орусияга баш ийбеген Үмөтаалы Ормон уулун жана анын шериги Осмон датканы да колдоого алып жатышкан. Жер өңүтүн мыкты билген Үмөтаалы орустарга алдырбай, Нарындагы улам башка кокту-колотко журт которуп турган [5.11-б].

Ички Теңир-Тоодогу аскердик экспедициянын курамында географиялык иликтөөлөрдү жүргүзгөн айтылуу саякатчы Н.А.Северцовго туш тарабынан жолу буула баштаган Ормон уулу Үмөтаалы 1867-жылы Орусия букаралыгын таануу ниетин оозеки билдирген. Бул жолугушуу Он-Арча өзөнүнүн куймасы болгон Оттук суусунун жээгинде өткөн. Алар мындан аркы мамилелерди тынчтык жолу менен чечүүгө келишип, Үмөтаалы падышалык Орусиянын букаралыгын тааный турганын тастыктап, уулу Акташты Верный чебине аттандырган.

Үмөтаалынын падышалык Орусиянын букаралыгын тааныган позициясы кокусунан болгон иш эмес эле. Бул мезгилде орус бийликтери түндүк кыргыз урууларынын көпчүлүгүн тынчтык жолу менен өздөрүнө баш ийдирип, аларга баш бербей жүрүшкөн: Үмөтаалы, Төрөгелди баатыр, Осмон даткаларды саясий изоляциялык акыбалга алып келишкен. Натыйжада профессор Т.Чоротегин туура белгилеп көрсөткөндөй, полковник В.А. Полтарацкийдин мыкты куралданган аскери Кочкорго келгенде сарыбагыш уруусунун жергиликтүү бийи, мурда Орусияга каршы тарапты колдогон Төрөгелди баатыр Санкт-Петербургдун саясатын колдой турганын билдирген [5. 10-11бб].

Үмөтаалы, Төрөгелди баатыр жана Осмон даткалардын орус бийликтеринин саясатына баш ийбеген аракеттери кыргыздардын ичиндеги тынымсейит уруусуна да өз таасирин тийгизген. Мисалы, Ысык-Көлдөгү жана ага чектеш Нарын жайлоолорун жайлаган

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

бугу, тынымсейит урууларынын дагы Орусия империясынын кыргыздарга жүргүзгөн саясатына карата маанайлары өзгөрүп турган. Акын жана ойчул Арстанбек Буйлаш уулу (1824-1878-жж.) "Тар заман" деген чыгармасында эл, жер эркиндиги үчүн ар дайым элди биримдикте бир хандыкты түзүп алууга чакырат. Арстанбек андан ары кыргыздарды Орусия империясына эмес Кашкардагы Жети-Шаар мамлекетине ниет бургула деген оюн айтат [ 5.12-б; 159. 20-б].

Совет жылдарында XIX кылымдын ортосунда Кыргызстандын аймагын Орусия империясы куралдын күчү менен басып алган процессин жашыруу максатында, "Кыргызстан өз каалоосу менен" Орусияга кошулган делип, саясатташтырылган көз карашты тарых илимине таңуулап келгендиги белгилүү. Буга мисал кылып, кыргыздын тигил же бул урууларынын орус бийлигин чакырган кат жөнөткөн деген пикирлерди жүйөгө тартышкан. Чындыгында кыргыз бийлери эле эмес, бүткүл кыргыз калкы жалпы курал алып каршы чыкса да, орус оторчулугун токтото алмак эмес. Себеби дүйнөлүк ири держава болгон Орусия өзүнүн атаандашы Англиядан мурун Түркстан аймагын басып алуу планын мамлекеттик деңгээлде чечип койгон эле. Ал эми айрым кыргыз бийлеринин орус өкүлчүлүктөрүн жардамга чакырган каттары болсо, орус оторчуларынын басып алуу саясатынын натыйжасы болгон.

Жогорудагы себептерден улам, советтик доордо Кыргызстан өз каалоосу менен Орусия империясынын курамына кирген деген саясаттын негизинде, кыргыз элинин эркиндигин коргоп орус оторчуларына каршы акыр-аягына чейин күрөшкөн Теңир-Тоодон чыккан Тайлак баатырдын уулу Осмон датка инсан катары кыргыз тарыхнаамасында өзүнүн объективдүү концептуалдык туура баасын ала элек. Тарыхчы Р.Жолдошевдин изилдөөсүндө Осмон датка болжол менен 1825-жылдар чамасында туулган [5.100-б]. Үмөтаалы Ормон уулунан айырмаланып, Осмон датка оторчуларга каршы маанайынан жазган эмес.

Осмон Тайлак уулу чекир саяк уруусунун чоро уругунан чыккан. Анын ата-бабалары өздөрүнө караштуу жамаатты билеп келишкен инсандардан болушкан. Жанболоттун уулу Рыскул атасынын ордуна бий болгон. Анын балдары Атантай, Тайлак эл бийлеген белгилүү баатырлардан болушкан. Осмон дагы ата-бабасынын жолун улап, эл башкарган инсан болот.

Анын Нарын тараптагы чоро саягындагы эң таасирдүү бий экендигин 1859-жылы Кашкардан кайтып келе жаткан Ч.Валиханов жазып кеткен [2. 32-б].

Кокон хандыгы менен жакшы болгон Осмон датка орустардын басып алууларына каршы болгон. 1855-жылдан тарта кыргыз жергесин басып ала баштаган Орусия империясынын аскердик бөлүгү 1863-жылы биринчи жолу Ысык-Көлгө келип кыштаган. Бул болсо орустарга каршы турган Үмөтаалы Ормон уулуна чоң коркунуч алып келген. Орустардын кол салуусунан чочулаган Үмөтаалы 1860-жылдан тарта Ысык-Көлдөн нарын тарапка жер которууга аргасыз болгон. Ал жергиликтүү уруу башчылары менен мамилени чыңдоого аракет жасаган. Ошондуктан ал Курткадагы саяк манабы Осмон Тайлак уулу менен дос болуп, экөө куда болушкан [5.101-б].

1863-жылы орус аскерлеринин Олуя-Ата, Чимкент шаарларын каратышы, ошондой эле Ысык-Көл, Чүйдү ээлеген орус отряддары, эми Нарынга кирип келгендигине байланыштуу Үмөтаалы Ормон уулу кол астындагы 6-8 миң түтүн эли менен бирге, орус бийлигине каршы күрөшкө чыгат. Үмөтаалыга Нарындан Осмон датка кошулган. Үмөтаалы 1863-жылы жай айында Куртка чебин жок кылуу жана тоолуу Нарын аймагын чалгындоо максаты менен келген капитан Проценконун аскердик тобуна унаа берет. Бирок, анын артынан ага каржы жана транспорт алып келе жаткан поручик Зубаревдин 40-50 адамдан турган аскерлерине Соң-Көлдүн аягындагы Кажыртыдагы Эки-Чат деген жерден кол салуу уюштурган [11.341-342-бб]. Бул согушка Үмөтаалынын инилери жана балдары, ошондой эле Нарындык саяктар, анын ичинде Осмон датка дагы катышкан. Кыргыздар бул согуштун башында Нарын дарыясындагы көпүрөнү бузуп салышып, андан кийин орус аскерлерине

чабуулга өтүшөт. Ок атуучу мылтыктар менен куралданган орус аскерлери найза жана союл колдонгон кыргыздарга каршы 8 саат коргонушуп, жеңиле турган болгондо, Проценконун тобу жардамга келип куткарып калган. Согушта орустар тарабынан бир офицер, 2 жоокер өлүп, 4 аскер катуу жаракат алган. Мындан кийин Үмөтаалы кол астындагы иниси Чаргынды жана Омон датканы алып, Нарындан Кашкарга чейинки тоолордун арасына көчүп кетет. Ошентип, 1863-1867-жылдардын аралыгында 4 жыл бою Осмон датка орустарга баш ийбей, аларга каршы күрөшкөн. Бул күрөштө Үмөтаалыга баш ийген 3000, иниси Чаргындын 1000 жана Осмондун 1000 букарасы болгон [11.344-б]. Орус бийлигинин кыргыз жергесине күч алып бекемделиши менен алар Нарын чөлкөмүнө да кире баштаашкан. Өзгөчө 1867-жылдын жай айында полковник Полтарацкийдин Нарындан Кашкарга чейинки жерлерди рекогносцировалоо үчүн келген аскердик топтун Куртка менен Ат-Башыга келиши, Үмөтаалы Ормон уулун орус бийлигин таанууга аргасыз кылган. Үмөтаалы Оттук суусунун боюндагы Н.А.Северцовдун аскердик тобуна келип, орус бийлигине баш ийгендигин жарыялаган. Ошондон тартып Үмөтаалы, Чаргын мурдагы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү мекенине кайтып келишип тынч жашоого өтүшөт. Ал эми Осмон Тайлак уулу өз мекени Тогуз-Торого келгенден кийин дагы оруска каршы күрөшүн улантат [5.102-б].

1868-жылы орус администрациясы кыргыздардын салттуу уруулук бийлерин жоюп, 1000 түтүнгө бир бир волосттук болуштукту түзгөн мыйзам кабыл алган. Бул болсо бүтүндөй бир урууга (10 000 түтүнгө) бирден башчы болгон кыргыз бийлери орус бийлигине чоң коркунуч түзсө, аларды майдалап, миң түтүнгө бөлүп салуу, башкарууга ыңгайлуу болгон. Ушуга байланыштуу Токмок уездинин алгачкы начальниги майор Г.С.Загряжский 1868-жылдын май айында калкты волосттук башкарууга өткөрүү максатында Тогуз-Торо аймагына барып иш жүргүзөт. Андан мурунку жылы Осмон датка Үмөтаалы менен оруска карап келгенде, ага анча ишенбеген орус аскер төбөлдөрү анын уулу Мамырканды камакка алышып, Верный чебиндеги түрмөгө жөнөтүшкөн. Ага карабастан Осмон эгемендик үчүн саясатын андан ары терендетип, Ак-Талаа жана Тогуз-Торо аймактарындагы конуш жайларына ары-бери журт которуп согуш аракеттери үчүн оңтойлуу учурду издеген. Ал 1868-жылы жайында үйөз башчысы Г.С.Загряжскийдин өргүү жайына кол салат. Бирок бул кол салуу оңунан чыккан эмес. Ошондуктан, Осмон датка Г.С.Загряжский менен болгон урушундагы колго түшкөндөрүн алып, адегенде Көк-Арт тарапка андан соң Кашкар тарапка өтө качкан [5. 13-б]. Бирок майор Г.С.Загряжский менен чогуу барган Шабдан Жантаев жигиттери менен Осмон датканын артынан түшөт. Бул мезгилде оруска көз каранды болуп калган Кокон бийликтери, Осмонду аларга кармап берүүгө макулдугун берип коюшат. Муну уккан Осмон датка кайра тартып, Арпага түшүп, андан ары Кашкар тарапка өтүп кетет. Ал жерден Төрөкан деген баатыр Осмонду Кашкардагы Жакыпбекке (Бакдөөлөт) жөнөтөт. Ошентип, Осмон датка 1868-1878-жылга чейин 10 жыл аралыгында Жакыпбекке карап туруп калат. Бирок, 1878-жылы Жакыпбек өлгөндөн соң, анын өлкөсүн кытайлар басып алгандан кийин, Кытайдын жазалоочу аскерлери менен бир нече жолу кагылышып, аман калган өз эли-журту менен Кыргызстанга кайтып келет. Ал өз мекени Тогуз-Торого келгенден кийин, Келдибектин уулу: "Осмон аке, Сиз Ташкенге барып кагаз алып келиңиз"-[12.208-б] деп кеңеш берет. Ошондо жанына Кичине баатыр деген жигитин алып, Ташкенге барып, ал жерде 6 ай жүрүп, орус бийлигинен акталган кагаз алып келет. Бул документ Осмон датканын орус бийлигин официалдуу тааныгандыгынын далили болгон. Элдик санжыралардагы маалыматтарга таянсак, Осмон датка ошондон 13 жыл өткөндөн кийин катуу оорудан күзүндө каза болот. Буга караганда Осмон датка 1891-жылдардын тегерегинде дүйнөдөн өткөн деп болжолдоого болот. Изилдөөчүлөрдүн жазгандарына таянсак, "Осмон датканын артында Ботокан, Нааматкан, Мамыркан, Сагындык, Турдумамбет, Нуке, Алымбай, Касымбай, Молдокан деген уулдары болуп, алар атасынын сөөгүн Тогуз-Торого

коюшуп, күмбөз тургузган экен" [5.104-б] . Ашы Мына-Келди деген жерде берилген деген маалымат бар.

Жогорудагы тарыхый фактылар көрсөткөндөй, Теңир-Тоолуктардын Орусия менен байланыштарынын башаты, андан ары өнүгүшү жана жыйынтыгы сыдыргыга салгандай бир калыпта тегиз өнүккөн эмес.

Түндүк Кыргызстандын белгилүү манаптары Ормон, Жантай жана Жангарачтар кыргыздарды өзүнчө бир мамлекетке бириктирүүгө аракет жасашкан. Бирок ал аракеттердин ишке ашышы өтө кыйын болгон. Себеби, бул идеянын ишке ашышына феодал ак сөөктөрдүн кыргыздарды өз ичинен уруу-урууга бөлүүгө жасаган аракеттерине жана Кыргызстандагы салык төлөп туруучуларынан ажырагысы келбеген Кокон хандыгынын активдүү каршылыгына түздөн-түз байланышуу болгон.

Орус бийликтеринин аяр дипломатиялык аракеттеринин натыйжасында XIX кылымдын 60-жылдарында черик, тынымсейит уруулары тынчтык жолу менен орустарга букара болуп киришкен. Түндүк кыргыз урууларынын Орусия империясынын курамына кирүү процесси карама-каршылыктуу мүнөздө болгон. Буга далил катары Теңир-Тоо аймагын жайлаган 8000 түтүнгө жакын сарыбагыш, саяк, чоро, тынымсейит уруулары Орусияга баш ийбеген Үмөтаалы Ормон уулунун жана анын шериги Осмон датканы колдоп турушкандыгын айтсак болот. Ошондой болсо да, орус бийликтери аларга баш ийбеген Үмөтаалы, Төрөгелди баатыр, Осмон даткаларды саясий изоляциялык акыбалга дуушар кылышкан. Натыйжада, 1867-жылы Үмөтаалы, Төрөгелди баатыр, Осмон датка орус бийлигинин үстөмдүгүн таанууга мажбур болушкан. Бирок, Осмон Тайлак уулу өз мекени Тогуз-Торого келгенден кийин дагы оруска каршы күрөшүн уланта берген.

Ал эми Түндүк Кыргызстандын, анын ичинде Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын Орусия империясынын курамына кошулушу боюнча профессор Т.Кененсариев "1863-жыл-кыргыз элинин Орусияга ыктыярдуу киришинин жылы болгон" деген советтик тарыхнааманын мезгилиндеги жыйынтык тарыхый фактылар менен дал келбешин белгилейт. 1863-жыл кыргыз элинин турмушундагы саясий окуялардын жылы болгону менен бүткүл жергиликтүү, түпкү калктын орус колониализминин курамына каратылыш жылы боло албайт. Биринчиден, Орусиянын кыргыз элин басып алуусу кеминде 20 жылга созулгандыгын, экинчиден, орус букаралыгына өтүү жараяны 1855-жылы башталганы менен факты жүзүндө толук ишке ашышы 1863-жыл болгон эмес деп эсептейт. Себеби, 1863-68-жылдарда болуп өткөн тарыхый фактылар 1855-1863-жылдардан айырмаланып, кыргыз жергесинин түндүк чөлкөмдөрүндө иш жүзүндө орус бийлиги эми гана орногондугун, ошону менен бирге Орусиянын Кыргызстанды каратып алышынын биринчи мезгилинин аякташын тастыктайт. Демек, түндүк кыргыздарынын Орусияга каратылышы 1863-жылы эмес, 1863-1868-жылдардын ичинде толугу менен ишке ашкан деген жыйынтык тарых чындыгына туура келет [4. 169-170-бб].

Жыйынтыгында айтаарыбыз, атактуу баатыр инсандарыбыз ар дайым элинин бардар, бай жана тынчыкта бейпил жашоосу үчүн кам көрүшкөн. Алар кыргыздардын түпкү кызыкчылыктарын коргоодо чечүүчү роль ойногон. Осмон датка орус бийлигине каршы чыккан инсан катары тарыхта айтылып келет. Атасы Тайлак баатыр жашап өткөн доорунда кокондуктарга жана Цинь бийлигине каршы Теңир-Тоолуктардын чеби катары турса, атасындай эле Осмон датка дагы Орусия букаралыгы Теңир-Тоо кыргыздарын баш ийдирип, өз бийлигин киргизүү мезгилинде көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн күрөшкөн Теңир-Тоо кыргыздарынын жетекчиси болгон. Орусия империясы кыргыздарды каратуу мезгилинде Теңир-Тоого өз бийлигин орнотууга өзгөчө көңүл бурушкан. Бирок, Теңир-Тоолук элдер орус бийлигине өтүүгө моюн сунушпастан ар кандай тоскоолдуктарды жасап, Осмон датканын башчылыгынын алдында орус аскерлерине катуу каршылык көрсөтүшкөн.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

## Адабияттар тизмеси


1. Казакстан Республикасынын БМА Ф.3. оп.1. д.348. л.1-6
2. Казакстан Республикасынын БМА Ф.3. оп.1. д.52. л.1, 1 об.
3. Казакстан Республикасынын БМА. Ф.3, оп.1, д.7, л. 68
4. Казакстан Республикасынын БМА. Ф.338, оп.1, д.660, л.1-1 об.
5. Казакстан Республикасынын БМА. Ф.338, оп.1, д.698, л.10,11.
6. Бабабыз Кошой жердеген Ат-Башы XXI кылымдын босогосунда[Текст].- Бишкек: "Учкун АК", 2001. - 569 б.
7. Валиханов Ч.Ч. Собр.сочинений в пяти томах [Текст] / Ч.Ч.Валиханов. - Алма-Ата: Гл.ред.Каз.Сов.Энц., 1984. –Т.3. - 415 с.
8. Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России [Текст] / Б. Джамгерчинов. - М.: Изд. соцэклит, 1959. – 435 с.
9. Кененсариев Т. Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясый өнүгүүсү [Текст] / Т.Кененсариев. – Бишкек: Бийиктик,2009. – 392 б.
10. Кыйын кезендин арстандары: Тайлак баатыр жана анын уулу Осмон датка [Текст] / Түз. Б.Сатыбалдиева. – Бишкек: [б.и.], 2013.- 160 б.
11. Кыргызстан-Россия: История взаимоотношений (XVIII-XIX вв.) [Текст]: Сборник документов и материалов. – Бишкек:Илим,1998. -488 с.
12. Омурбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын ортосу- XX кылымдын башы) [Текст] / Т.Н.Омурбеков. – Бишкек: Бийиктик, 2003. - 288 б.
13. Плоских В. Первые киргизско-русские посольские связи (1784-1827 гг.) [Текст] / В. Плоских.- Фрунзе: "Илим", 1970. – 93 с.
14. Посольство к зюнгарскому Хун Тайджи Цевань Рабтану капитана от артиллерии И.Унковского [Текст] / Путевой журнал его за 1722-1724 годы. – Спб.:[б.и.], 1887. – 276 с.
15. Сапаралиев Д.Б. Взаимоотношения кыргызского народа с русским и соседними народами в XVIII в [Текст] / Д. Сапаралиев. –Бишкек: Илим, 1995, -152 с.
16. Северцов Н.А. Путешествие по Туркестанскому краю и исследование горной страны Тянь-Шаня, совершенные по поручению Русского географического общества [Текст] / Н.А.Северцов. – СПб.: [б.и.], 1873.- 461 с.
17. Султанов Т. Кыргыздардын өзөктүү санжырасы [Текст] / Т. Султанов. – Бишкек: "Бийиктик", 2010. - 484 б.
18. Талызин А. Пишпекский уезд. Исторический очерк. Памятная книжка Семереченского областного статистического комитета на 1898 г. [Текст] / А.Талызин. - Верный:[б.и.],1898. -Т.11. С.27.
19. Умурзаков С. Очерки по истории географических открытий и исследований в Киргизии [Текст] / С.Умурзаков. – Фрунзе: Киргосиздат,1959. -149 с.
20. Карыева А.К. Кыргызстанда тарых илиминин калыптанышы [Электрондук булак] / А.К.Карыева, Н.Ш.Кадыралиева // Вестник КГУСТА. –Бишкек: 2020. - №4(70). – б.554-560. Кирүү режими: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45795365